**2-тиркеме**

БЕКИТИЛДИ

2022-жылдын "___" ___________

№________буйругу менен

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

Ош облусунун Өзгөн районундагы
Турдумамат Сарыков атындагы № 54 орто жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси

## ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

**Киришүү**

Өзгөн району Чымбай айылы Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекмесинин  кыскача тарыхы:

1.1932-1943 –жж.”Чын” башталгыч мектеби.

2.1943-1952-жж “Чын” 7(жети) жылдык мектеби.

3.1952-1970-жж “Чын” 8(сегиз) жылдык мектеби.

4.1970-1998-жж “Правда”орто мектеби.

5.1998-2000-жж “Чымбай”орто мектеби.

6.2000-жылдан тартып №54 Турдумамат Сарыков атындагы № 54 орто мектеби.

Өзгөн шаары №38 17-июль 2000-ж  Өзгөн районундагы Чымбай орто мектебине Сарыков Турдумаматтын атын ыйгаруу сунушу киргизилген. Өзгөн районунун Чымбай орто мектебине Сарыков Турдумаматтын ысмын ыйгаруу жөнүндөгү Дөң-Булак айылдык Кеңешинин 2-кеңешмесинин №10 чечимин талкуулап,Өзгөн райондук Кеңешинин кеңешмеси чечим кылат:

1.Чымбай орто мектебине Турдумамат Сарыковдун ысымын ыйгаруу жөнүндөгү Дөң-Булак айылдык Кеңешинин 2000-жылдын 7-апрелиндеги №10 чечими бекитилсин;

2.Чымбай орто мектеби мындан ары Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто мектеби деп аталсын.

**Мектептин уставы:** биринчи жолу юридикалык каттоодон 01-март 2012-жылы өткөн. Каттоо номери 121511-3306-М-е.

Кайра каттоодон 2022-жылдын 6-апрелинде  өткөн.Каттоо номери: 204812-3306-М-е. Сериясы: ГПЮ №0041908.

ИУЖК коду: 21214509. ИНН: № 00103201210054.

**БУнун миссиясы:** “Заманбап технологияларды колдонуу менен окуучуларга үзгүлтүксүз билим, тарбия берүү аркылуу, азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү , ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо”.

**БУнун жетекчисинин аты-жөнү жана анын байланыш үчүн маалыматы** (телефон номери жана e-mail);

Парпиев Мыктыбек Төрөканович,тел.0773 397 - 606 , myktybekparpiev73@qmail.com.

**Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн программа (программалар) боюнча аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө маалымат** ;

Сертификат №SS180015707  .Каттоо номери:2018/1905.Берилген жылы:2018. Сертификаттын мөөнөтү: 15. 10. 2023.

БУнун дареги,телефон номерлери, факсы, e-maeil, веб сайты. Билим берүү уюмунун жайгашкан жери, юридикалык аталышы.

Кыргыз Республикасы, Ош  облусу, Өзгөн району, Дөң-Булак а.а, Чымбай айылы, Мектеп-2 көчөсү №8, Т.Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемеси. e-mail t.sarykov54mektep@mail.com, веб сайты: https://sarykov.mektebim

## 2.Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу базасы

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлери | Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосунун натыйжалары | Тактыктоочу база |
|---|---|---|---|
| | **1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмдун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылар төмөнкүлөр:<br>-Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;<br>-Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясы;<br>-Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси;<br>-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014-жылы бекитилген мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандарты;<br>-“Мугалимдин статусу” мыйзамы;<br>- **Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мектебинин** Уставы;<br>-Окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы № 869/1 буйругу менен бекитилген 2021-2022-окуу жылы үчүн жалпы билим берүү уюмдун Базистик окуу планынын негизинде түзүлгөн. Окуу планда жумалык жалпы саат 615 саат. Жалпы 615 саат жумалык жүктөм. 5 жана 8-класс үчүн мектеп компоненти ата-энелердин социалдык буйрутмасын аткаруу максатында жана мектептин педагогикалык кеңеши чечими менен математика жана физика предметине берилген.<br>**Мектептин Өнүгүү планы** 2021-жылдын 27-августундагы №1 педагогикалык кенешменин чечими | 1-тиркеме .<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216,<br>2-тиркеме<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/391<br>3-тиркеме<br>https://www.unicef.org/UnicefCRCRussianKyrgyz.pdf<br>4-тиркеме<br>http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203700<br>5-тиркеме<br>-Устав, Юридикалык каттоодон өткөн күбөлүк.<br>6-тиркеме<br>-Мектеп-мекеменин жылдык иш планы<br>7-тиркеме<br>-Окуу планы .<br>8-тиркеме<br>Өнүгүү планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен бектилген жана айыл өкмөтү, райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган.<br>Мындан тышкары билим берүү уюмун башкарууну жөнгө салуу үчүн мектеп тарабынан бир канча ички локалдык нормативдик актыларды иштеп чыгып бекитилген:<br>**«Мугалимдин кесиптик этикасы жөнүндөгү»** жобо, **«Инклюзивдик окутууну уюштуруу жөнүндөгү» Жобо,«Ата-энелер комитети жөнүндөгү» Жобо, «Усулдук бирикме жөнүндөгү»** Жобо, **«Жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошотуунун тартиби боюнча»** нускама, **«Окуучулардын укугуна жана милдеттерине карата окуучулардын жүрүш туруш эрежеси жөнүндөгү»** жобосу .<br><br>Окутуу тили кыргыз жана орус тилинде окутулат.<br>- Мекемебиздин күбөлүгү алгачкы мамлекеттик каттоодон 1-март 2012-жылы ,кайра каттоодон 2022-жылдын 6-апрелинде өткөн. Сериясы ГПЮ № 0041908, каттоо номуру 204812-3306- М-е, ОКПО коду 21214509, ИНН 00103201210054.<br>Уставда мектептин негизги максаттары, мектеп ишин уюштуруу, билим берүү процесси, катышуучулары, укуктары жана милдеттери, мектепти башкаруу, тариздери жана материалдык- техникалык базасы так аныкталган жана билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттарына дал келет. Мектепти тең башкаруунун тариздери: жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш,<br><br>Демилгечилердин жалпы чогулушунун чечими менен 2018-жылдын 26-мартында бекитилген | 9-тиркеме<br><br>«Инклюзивдик окутууну уюштуруу жөнүндөгү» жобо, ,<br>«Ата-энелер комитети жөнүндөгү» жобо,<br>«Жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошотуунун тартиби боюнча» нускама<br><br>МЖУнун жобосу жана өзүн-өзү башкаруу структурасынын жоболору.<br>Демилгечилердин жалпы чогулушунун чечими менен 2018-жылдын 26-мартында уюштуруучулардын чечими менен бекитилген Турдумамат Сарыков атындагы<br>№54 орто мектебинин “Камкордук көрүүчү кеңеши”коомдук бирикмеси. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Т.Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинде “Камкордук көрүүчү кеңеши коомдук бирикмеси” түзүлгөн. Ал мектептин уставдык функцияларын ишке ашыруу, мектептин материалдык-техникалык, базасын чыңдоого көмөктөшүү жана гимназиянын бюджеттен сырткаркы мүлктөрүнүн жана каражаттарынын максаттуу колдонулушун көзөмөлдөөгө алат. Мектептин ичиндеги ар түрдүү маселелер педагогикалык кенешменин токтомдору, буйруктары, атайын кабыл алынган регламенти жана мектептин ички көзөмөлү аркылуу жөнгө салынат.<br>Камкордук кеңеш, ата- энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башкалар эсептелинет жана ар биринин укук-милдеттери так берилген. | |
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу. | Турдумамат Сарыков атындагы № 54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин миссиясы:<br>«Заманбап технологияларды колдонуу менен окуучуларга үзгүлтүксүз билим,тарбия берүү аркылуу,азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү ,ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо»<br>Максаты: “Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин” уставдык функцияларын ишке ашыруу, мектептин материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган<br>Миссияны ишке ашыруу максатында пландар иштелип чыккан жана тиешелүү органдар тарабынан бекитилген.<br>Негизги багыттар:<br>− Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун терендетүү менен келечектин | (10-тиркеме)<br><br>Директордук кенешмелердин, окуу бөлүмүнүн башчысынын, класстан тышкаркы иштердин, окуучулардын социалдык маселелерин чечүүдөгү социалдык педагогдун, кыздар жана балдар кенештерин , насаатчылыктын иш планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | татыктуу инсандарын даярдоо.<br>- Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо<br>- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен билим денгээлин көтөрүү.<br>- Жаш мугалимдер үчүн шыктандыруучу чөйрө түзүү менен алардын жоопкерчилигин арттыруу.<br>- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо<br>- Техникалык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу .<br>- Билим берүүнү санариптештирүү программасын ишке ашыруу.<br>- Өнөктөштөр, ата-энелер, коомчулук менен иш алып барууну жакшыртуу, «Энелер мектебин» уюштуруу.<br>Максаттын ишке ашуусу менен төмөндөгүдөй жыйынтыктар күтүлөт:<br>✓ инновациялык билим берүү программалары ишке ашат;<br>✓ мектеп жана үй бүлөнүн кызматташуусу колдоого алынат;<br>✓ окуучулар реалдуу турмушта керек болгон негизги билимдерге ээ болушат;<br>✓ билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуучулар калыптанат;<br>✓ окуучулардын билим алуусу үчүн жагымдуу социалдык-психологиялык жагдай түзүлөт;<br>✓ окуучулардын ЖРТдагы жетишкендиктеринин деңгээли жогорулайт;<br>✓ окуучулардын олимпиададагы | “Энелер мектебинин” планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жетишкендиктеринин көсөткүчтөрү жогорулайт; Мектептин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы 2021-жылдын сентябрь айында өткөрүлгөн. № 1 педагогикалык кенешмесинде бекитилген. Ошондой эле директордук жана педагогикалык кенешмелердин, окуу бөлүмүнүн башчысынын, класстан тышкаркы иштердин, окуучулардын социалдык маселелерин чечүүдөгү социалдык педагогдун,усулдук бирикмелердин,ички көзөмөлдүн, секция жетекчилеринин, Манас жаштар уюмунун , кыздар жана балдар кенештерин , насаатчылыктын иш планы , ата- энелер комитетинин иш пландары бекитилип,аткарууга алынган. Ата- энелер арасында алардын кызыгууларын жана күтүүлөрүн аныктоо максатында тынымсыз сурамжылоолор, жекече жолугуушулар, конференциялар, ата-энелер менен кызматташуу сыяктуу иштер аткарылат.<br><br>. | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын/түзүмдөрдүн болушу | Мектепте билим сапатын камсыздоо ишмердүүлүгүн мектепте түзүлгөн мектеп директору жетектеген Педагогикалык Кенеш, окуу бөлүмүнүн башчысы жетектеген Усулдук Кенеш, Усулдук Бирикменин жетекчилери көзөмөлдөйт. Ошондой эле кызматтык милдеттерине ылайык окуу бөлүмунүн башчысынын иш-аракеттери билим сапатын камсыздоо боюнча пландаштырылган. Ар жылы окуу жылынын башында мектепти ички көзөмөлдөө боюнча график даярдалып, билим берүүнүн сапаты текшерилет. Жыйынтыгы | . (№11тиркеме)<br>Педагогикалык кеңештин чечимдери,<br>Ички көзөмөл жүргүзүү планы<br>(12-тиркеме)<br>“Усулдук бирикме жөнүндө” жобо<br>Билим сапатын жогорулатуу боюнча мектептин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | директор алдындагы Кенешмеде, педагогикалык Кенешмеде, өндүрүштүк чогулуштарда каралып, чыгарылат.<br>**Мектептин педагогикалык кеңеши;**<br>-Мектептин ББ системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоого жардамдашат;<br>-Мектептин билим сапатын баалоо системасынын негизги пайдалануучуларынын маалыматтык талаптарын калыптандырууга катышат;<br>-Мектептин ББ системасын өнүгүү динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү талкулоого катышат;<br>-Мектептин окуу процессиндеги билим сапатынын жыйынтыгын чыгаруу үчүн экспертиза жүргүзүүгө катышат, мектептин локалдык актыларынын негизинде аларга стимулдук төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө катышат;<br>-Мектеп кызматкерлеринин эмгектеринин сапатын жана натыйжалуугун баалоого катышат;<br>-Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана алардын чыгармачылыгын өркүндөтүү иштерин уюштурууга жардам берет;<br>;<br>-Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча чейрек аралык аттестациянын тизмесине кирүү окуу предметтери боюнча чечим кабыл алат.<br>**3.3. Мектептин усулдук Кенеши:**<br>-Билим берүү сапатын баалоонун усулун иштеп чыгат, мектепти өнүктүрүүнүн динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн системасын иштеп чыгууга катышат;<br>-Коомдук эксперттерге жана кызматкерлерге контролдук-баалоо процедурасын жүргүзүү жана | завучунун,<br>усулдук бирикмелердин иш пландары. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аларды даярдоого жардамдашат;<br>-Окуучулардын аттестациясынын жыйынтыгына, мазмунуна экспертиза жүргүзөт жана жакшыртуу үчүн сунуштарын берет;<br>-Мектептин деңгээлиндеги билим сапатынын жыйынтыгынын негизинде башкаруучулук чечим кабыл алуу боюнча мектеп администрациясына сунуштарды даярдайт.<br>Мектептеги билим сапатын баалоо мониторингдөө боюнча жобосунун негизинде Мониторингдин обьектилери болуп окуучулардын окуудагы жана окуудан тышкаркы жетишкендиктери, педагогдордун жана мектеп жетекчилеринин кесиптик ишмердүүлүгү билим берүү программасы жана аны ишке ашыруунун шарттары саналат. Мындан тышкары билим сапатын көтөрүү боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыгып, аткарылышы көзөмөлдөнөт.<br><br>**«Усулдук бирикме жөнүндөгү»** Жобого ылайык мугалимдердин кесиптик жана педогогикалык даярдыгын жогорулатуу үчүн мектепте 4 усулдук бирикмелер иш алып барат:<br>1.Тил илимдери (кыргыз тили,орус тили,англис тили) усулдук бирикмесинин жетекчиси –Абдукадыров Абдували.<br>2. Так илимдер (математика, физика , информатика) усулдук бирикмесинин башчысы – Рыскулова Замира.<br>3. Табигый илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси –Жакшибаева Чинорхан<br>4. Башталгыч класстар боюнча усулдук бирикменин жетекчиси –Касиева Асел. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жогорудагы усулдук бирикменин жетекчилерине чейрек сайын окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жана билим денгээлин көтөрүүдө мониторинг жүргүзүү , салыштыруу, жыйынтыгын чыгаруу милдеттендирилди.<br>Ошондой эле көз карандысыз билимдерди баалоо жана мониторинг жүргүзүү борборлору (м: Нова, Глакол ,Секом жана башка билимдерди баалоо жана мониторинг жүргүзүү борборлору) менен регулярдуу иш алынып барылат. | |
| 1.4 | Персоналдардын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдердин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | Окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдери (мектептин ички тартип эрежелери): 2021-жылдын 13-сентябрындагы №1 пед.кенешинде талкууланып бекитилген.<br>Ички тартип эрежелер ата-энелерге тааныштырылып, келишимдер түзүлгөн.<br>Билим берүү уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002- жылдын 23-октябрындагы “Мугалимдердин жүрүм- турум эрежелери”, 2013-2017- жылдарга “Тарбия берүү концепциясынын”, “Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын” жана “Мугалимдер Статусунун” негизинде мектептин Уставы кабыл алынган. Билим берүү уюмунун Уставында Окуучулардын (5-6-главасында), окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) (7-8-главасында) жана мугалимдердин(9-10-11-главасында).укуктары, жүрүш- туруш эрежелери так аныкталган.<br>.**«Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө»** Жобо иштелип чыккан жана баштапкы профсоюздук кесиптик бирликтин жалпы чогулушу менен кеңештин | 13-тиркеме<br>Мектептин ички тартип эрежелеринин жобосу тиркелет.<br>14-тиркеме<br>Этикалык кодекс .<br>Этикалык комиссиянын иш планы.<br>«Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө» Жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2021-жылдын 13-сентябрындагы №1 жыйынында талкууланып, бекитилген.<br>Ал мугалимдердин журум-турумундагы этикалык нормалар мугалимдерди жагымсыз, терс кырдаалдан сактайт жана мектеп мугалимдин аброюнун бийик болушун камсыздайт, окуучу-ата-эне-коомчулук-мугалим ынтымагын бекемдейт, жагымдуу кырдаал жаратат.<br><br>**Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө жобонун максаты:**<br>. Өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруусуна педагогикалык журум-турумундагы этикалык ченемдерин белгилөө;<br>. Мектептеги педагогикалык кызматкерлердин кадыр-баркын көтөрүүгө көмөктөшүү;<br>-Педагогикалык кызматкерлердин бирдей журум-турум ченемдерин камсыздоо. | |
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Мектеп мекеменин ишин баалоо, пландоо, жыл ичиндеги болуучу иштерди уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдери төмөнкүдөй тартипте жүрөт:<br>1.Жыл сайын окуу жылына карата мектеп мекеменин жылдык иш планы түзүлөт. Жылдык иш план педагогикалык кеңешмеде талкууланып бекитилет.<br>2. Мектеп мекеменин жылдык иш планынын негизинде предметтик секциялардагы предметтер боюнча окуучулардын билим сапатына жана өздөштүрүүсүнө баалоо жүргүзүлөт.<br>3.Билим сапатын камсыздоо максатында ар чейрек | 15-тиркеме<br>Мектептин жылдык иш планы тиркелет<br><br>16-тиркеме<br>Текшерүү жөнүндө буйрук тиркелет<br>Тест же жазуу иштеринин жыйынтыгы тиркелет.<br><br><br>17-тиркеме |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ичинде жылдык иш пландын негизинде мекеменин буйругу чыгып, белгиленген предметтер боюнча текшерүү же мониторинг жүргүзүлөт.<br>Текшерүү учурунда төмөнкүлөр каралат:<br>а) Предмет боюнча мугалимдин квалификациясынын шайкеш келиши;<br>б)Предметтик мугалимдин сабак өтүү чеберчилиги, окуучуларга теманы жеткире алышы жана кайтарым байланышы;<br>в) Тест же жазуу иштеринин жыйынтыгы;<br>г) Предмет мугалиминин иш кагаздарынын талапка жооп бериши, жазылган күндөлүк планы окуу программасына башкача айтканда мамлекеттик стандартка дал келиши. Предметтер боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы же мониторинги кезектеги Педагогикалык кеңешмеде каралат.<br>Мектептин билим берүү программасынын ишке ашырылышын, натыйжалуулугун анализдөө, баалоо жана мониторингдөө маселелерин системалуу жолго салуу максатында «**Мектептин билим сапатын баалоо, мониторингдөө боюнча жобосу»** иштелип чыккан. Жобонун негизинде окуучулардын билим сапаты, жетиштүү индикаторлору, кызыкдар тараптардын билим берүү процессине жана программасына канааттангандыгы аныкталат.<br>**Мониторингдин максаты** болуп мектептеги билим деңгээлин аныктоо, конторолдоо жана диагностикалоо системасын түзүү болуп саналат. Мектептин билим сапатына таасир берүүчү айрым өзгөрүүлөрдү киргизүүнү жана ага байланыштуу чечимдерди кабыл алууну, билим сапаты жөнүндө так маалыматты коомчулукка жеткирүүнү камсыз кылат. | Иштелип чыккан коопсуздукту сактоо боюнча Инструкциялар:<br>Физика,химия, информатика кабинеттеринде жана дене тарбия аянтында сакталуучу коопсуздук эрежелери.<br>Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү эрежелери.<br>18-тиркеме<br>Глобалдык пандемия учурандагы санитардык нормаларды сактоо боюнча кабыл алынган эрежелер, буйруктар жана токтомдор. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучулардын жетишкендиктери, окуу жүктөмдөрү боюнча маселелер «**Мектептин билим сапатын баалоо, мониторингдөө боюнча жобосунда» камтылган.**<br>**Мисалы:** Мониторингдин обьектилери болуп окуучулардын окуудагы жана окуудан тышкаркы жетишкендиктери, педагогдордун жана мектеп жетекчилеринин кесиптик ишмердүүлүгү, билим берүү программасын жана аны ишке ашыруунун шарттары саналат.<br>.Предметтер боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы же мониторинги кезектеги Педагогикалык кеңешмеде каралат.<br>Мектептин окуу-тарбия процессинде коопсуз чөйрөнү түзүү багытында атайын коопсуздукту сактоо боюнча инструкциялар иштейт. | |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу. | Коомчулукту мектептин турмушуна эффективдүү тартуу максатында Т.Сарыков атындагы №54 жалпы орто билим берүү мекемеси камкорчулук кеңеши мектепте иш алып баруу колго алынууда. Ата-энелер менен байланышты жакшыртуу максатында эки тараптуу келишимдер түзүлгөн. Мектептин алкагында өткөрүлүп жаткан ар бир иш чарага ата-энелердин өкүлдөрүнүн катышуу мүмкүнчүлүктөрү бар. Дөң-Булак айыл өкмөтү,коомчулуктун ар кандай тармакта иштеген өкүлдөрү менен дагы тыгыз байланышта болуп белгилүү даталарда, майрамдарга карата материалдык -техникалык базаны чыңдоодо, окуучуларга, мугалимдерге материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүүдө өз денгээлинде иш алынып барылат. | 19-тиркеме<br>Ата-энелер менен түзүлгөн эки тараптуу келишимдер.<br>Ата-энелер комитеттеринин иш пландары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда жана окуучулардын дүйнө таануусунда эл аралык ЮСАИД,Рекорд, Nova, SEKOM, Калем КО, Аян окуу борбору, ИСХАК окуу борбору билим берүү борборлору менен билимдерин жогорулатуу максатында иш алып барууда<br>Мектептин e-mail t.sarykov54mektep@gmail.com<br>Күндөлүк программасынын киргизилиши.<br>Мектеп Кыргыз Республикасынын билим берүүнү башкаруу маалымат системасына (ИСУО) керектүү маалыматтарды жүктөп турат. Мектепте болуп жаткан күндөлүк иш чаралар, жаштардын демилгелери, мектептин жалпы турмушу, мектептин веб сайтында , социалдык баракчаларында кенири чагылдырылып турат. | |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасы:<br>2021-2022-окуу жылында Билим берүүнүн башкаруунун эффектифдүүлүгүн жогорулатуу жана “Санарип Кыргызстан 2019-2023” санариптик трансфармациялоо боюнча концепсиясын ишке ашыруу боюнча “жол картасынын” 78-пунктун аткаруу максатында Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (БББМС) киргизилген.<br>Биздин мекемеде Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына (БББМСга, (ИСУОго)) жооптуу адам мектептин информатика мугалими Маманова Букадича. | 20-тиркеме.<br>БББМСга жооптуу адамдын буйругу.<br>Электрондук даректин болушу.<br>Күндөлүк программасынын киргизилиши.<br>Мультимедиалык проекторлордун кааналарда болушу.<br>ИСУО догу маалыматтар.<br>Пандемия учурунда өтүлгөн сабактардын фото-видео |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына (БББМСга, (ИСУОго)) мекеменин администрациясы, педагогикалык курамы, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдары жөнүндө так маалыматтар, ошондой эле окуучулардын контингенти жөнүндөгү маалымат, окуучулардын катышуусу, жетишүүсү жөнүндөгү маалыматтар киргизилген.<br>Мекеменин директорунун буйругу менен жыл ичинде кабыл алынган мугалимдер, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдар, окуучулар БББМСга киргизилип турат. Ал эми кеткендер маалыматтык базадан чыгарылып турат.<br>Мектептин стратегиялык планында билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы каралган.<br>Мекеменин электрондук почтасы бар. Дареги t.sarukov54mektep@gmail.com.Ал эми мектептин сайт httpps://sarykov.mektep.kg/<br>Электрондук почта аркылуу Билим берүү жана илим министрлиги менен, облусттук билим берүү усулдук борбор менен, жергиликтүү бийлик жана райондук билим берүү бөлүмү менен керектүү маалыматтарды алып жана жеткирип турулат.<br>Пандемия учурунда Билим берүүнү башкаруу процесси Zoom программасы аркылуу жүрдү. Мугалимдер менен керектүү маалыматтарды баарлашуу видеоконференция аркылуу тынымсыз өткөрүлуп турду.<br>Пандемия шартында жогорку класстардын окуучулары сабакты Zoom,Гугл мит программалары аркылуу өтүштү, ал эми башталгыч класстар үчүн ВОТСАПП (WhatsApp) тиркемеси аркылуу сабактар | материалдары |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>жүрдү.</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">Күчтүү жактары:<br>
• Мектептин миссиясын толук ишке ашыруу максатында жакынкы 5 жылга стратегиялык максаттар коюлуп, жетишүүнүн көрсөткүчтөрү чагылдырылып, пландаштырылган. Мониторингдер өз убагында жүргүзүлөт. Окуу жылынын жыйынтыгы менен ар бир аткарылган иштердин, иш чаралардын натыйжасы талкууланып күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, чечимдер кабыл алынат жана милдеттер коюлат. Ар бир чечимдердин өз убагында аткарылышы көзөмөлгө алынатТүрдүү даярдоолордон өткөн мугалимдер жамааты . Ар кандай окутууларга катышып сертификат-дипломдорду алышкан.<br><br>
• мугалимдер жана окуучулар тышкы ар кандай конкурстарга активдүү катышуу менен ар түрдүү долбоорлор менен иш алып барышат, Кыргыз билим берүү академиясы, СЕКОМ, Рекорд, Глокал билим берүү борборлорунун, “Биздин мектеп-рэкетчиликке каршы” долбоору, DIA фонду “Биз адам сатууга каршыбыз” долбоору<br>
. Окуучулардын кызыгуусу жана аракети жакшы, бардык окуу тарбия процесстерине активдүү катышышат.<br>
Жыйынтыгында билим сапаты: , олимпиадалардын жыйынтыгы: 2021-2022-<br>
окуу жылында олимпиаданын аймактык жана райондук турунда физика сабагынан Мамашева Айжаркын,биология сабагынан Абдыкаар кызы Айжамал,англис тили сабагынан Чырмашева Милана катышты, облустук турунда орус тили сабагынан 11-класстын окуучусу Салайдинова Мираида катышып ,жакшы ийгиликтерге жетишти.<br>
2022-жылы март айында“Жаш конструктор ” ийримине катышкан окуучулардын саны: 12 окуучу<br>
Алар аймактык жана райондук деңгээлде өткөрүлгөн конкурстарга “Алтын түйүн” тарабынан өткөрүлгөн конкурс олимпиадаларга активдүү катышуу менен байгелүү орундарга жетишишет.<br>
М: Нурбек уулу Бийназар,Жамгырчиев Абдымамат,</td></tr>
<tr><td colspan="4">Алсыз жактары:Окуу корпусунун эскилиги. Мектеп жаңыланган типтеги окуу корпусуна муктаж. Окуу китептери менен камсыз кылуу боюнча ата-энелердин кызыкчылыгы жана жоопкерчилигинин аздыгы.<br>
-Стратегиялык планды ишке ашырууда, каржылоо булактарынын жетишсиздиги же өз убагында чечилбей калышы.<br>
Окуучулардын санын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, класстык бөлмөлөр тар...</td></tr>
<tr><td colspan="4">2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ</td></tr>
<tr><td>2.1</td><td>Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды</td><td>Мектепте педагогикалык жана окутуучу көмөкчү курамды жумушка кабыл алуу, кызматтан бошотуу,</td><td>21-тиркеме<br>КР эмгек кодекси</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол – жоболордун болушу | жогорулатуу Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин беренелерине ылайык, мектептин Уставынын, мектептин локалдык актыларынын обьективдүү чен өлчөмдөрүнүн негизинде жүргүзүлөт. Мектепке мугалимдерди аңгемелешүү негизинде кабыл алууда төмөнкүдөй талаптарга таянат:<br>- Билими жогорку жана педагогикалык болууга тийиш;<br>- Өз предмети боюнча жогорку деңгээлдеги теориялык жана практикалык билимге ээ;<br>- Өзүн- өзү өнүктүрүүгө талапкер;<br>- Креативдүү, изденгич, жоопкерчиликтүү<br>- Кесиптик компетенттүүлүгү;<br>- Психологиялык билим алуусу;<br>- Педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары ж.б.<br>Аңгемелешүү учурунда жалпы жыйынтыктар болгон учурда мугалим менен бир айлык сыноо мөөнөтү коюлуп, бир жылга келишим түзүлөт. Эгерде мугалим талаптарга жооп берсе, келишим кийинки жылга улантылат.<br>Жумушка кабыл алууга кызматкерлердин кесиптик педагогикалык квалификацисы, билиминин талапка жооп берүүсү каралат. Эмгек келишими түзүлөт(ст.58, ТкКР) жазуу түрүндө. «Мугалимдердин статусу» жөнүндөгү мыйзамдын негизинде келишим түзүлөт.<br>Педагогикалык квалификацисы бар,билими жөнүндө документтердин негизинде кабыл алынат.Мугалимдерди кабыл алуу КР «Эмгек кодексинин негизинде»уюштурулат.Бош орундар бар учурда райондук билим берүү бөлүмүнө билдирме берилет. | (cbd.minjust.gov.kg\act\view\kg-kg\1505<br>22-тиркеме<br>Кесиптик бирликтин иш пландары<br>Кызматтык инструкциялар<br>Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча журналдар<br>Түзүлгөн эмгек келишимдер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2 | Штаттардын комплектелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Педагогикалык персоналдын сапаттык жана сандык курамы программанын жана Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келет. Квалификациянын жана курамдын анализи үзгүлтүксүз өткөрүлөт.<br>Ар бир окуу жылынын аягында (апрель- май) мугалимдердин комплектенишинин долбоору жүргүзүлөт жана августа такталат. Жетишпеген мугалимдер такталат жана арызынын, конкурстун негизинде кабыл алынат. Мугалимдердин сапаттык курамына өзгөчө көңүл бөлүнөт. Мугалимдердин жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берилүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык жүргүзүлөт.<br><br>Кесипттик өнүктүрүү:<br><br>• мугалимдердин сабак берүү методикасын жакшыртуу жана жардам берүү максатында уюштурулган педагогикалык өнөркана тарабынан ишке ашырылат, коллектив 100% камтылат.<br>• насаатчы мугалимдердин жаш адистерге системалык түрдө методикалык жардам берүү иш аракеттери (М: 2021-2022-окуу жылында 4 жаш адиске 4 тажрыйбалуу насаатчы бекитилген).<br>• кыска мөөнөттү тренингдерге, конференцияларга, семинарларга, долбоорлорго жумуш ордунан үзгүлтүксүз коллективдин 30% катышып өз кесипттик | 23-тиркеме<br>Мугалимдердин штаттык комплектелиши боюнча маалымат.<br>Сапаттык курам.<br>Мугалимдердин квалификациялары жана билимдери боюнча маалыматтар.<br>Семинар-тренингдерге катышып ,сертификат-дипломдорго ээ болгон мугалимдер боюнча маалыматтар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | чеберчилигин өнүктүрүп, мектепте усулдук отурумдарда тажрыйба алмашышат.<br>• акыркы 5 жылда ОМБӨИда квалификациясын жогорулатуу райондук билим берүү бөлүмүнө берилген заявкага ылайык ар окуу жылында жалпы мугалимдердин 10% түзөт.<br>• предметтик мугалимдер ийкемдүү график менен билим берүү жана илим министрлиги,эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган билим берүү программаларын камтыган дисттантык жана онлайн курстарга катышат.<br><br>Жыл сайын окуу жылынын башталышында мектеп райондук билим берүү мекемесине заявка берет, ага ылайык мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт. Ошентип, 5 жыл ичинде жалпы коллектив ОМБӨИда квалификациясын жогорулатты. Мектепте жаш кадрлар менен иштөөнү директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Маманова Букадича жетектейт. Ар бир жаш мугалимге иш кагаздарын жүргүзүүгө, сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүгө жардам берген насаатчы дайындалат жана графикке ылайык кесиптик чеберчиликти өстүрүү багытында насаатчылар тарабынан семинар-тренингдер уюштурулуп турат. | |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз | 24-тиркеме |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу | чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоо максатында мектептин кесиптик кошуну алгылыктуу иштерди алып барат.Мектеп администрациясы менен кесиптик кошундун активтери көмөктөшүп иштешет профсоюздун мүчөлөрү укуктары, милдеттери, өз ара мамилелери КРЭКтин, Мугалимдин статусунун жана этика боюнча жоболордун негизинде көзөмөлдөнөт. Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү боюнча мугалимдер жана окуучулар арасында өз ара макулдашуу, эки тараптуу келишимдер аркылуу жүзөгө ашырылат.Келишимдер мугалим-администрация, мектеп – ата-эне түзүлгөн.Билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелери келишимдер, уставдар жана этикалык нормалар менен жөнгө салынат. Жагымдуу психологиялык абалды түзүү үчүн жетишээрлик шарттар түзүлгөн. Кабинеттер , окуу бөлмөлөр билим берүүгө жана алууга ылайыкташкан. Бардык тиешелүү техникалык коопсуздук эрежелер, нормалар иштелип чыккан. Инструктаж нормага ылайык өткөрүлүп турат. | Эки тараптуу келишимдер Этикалык нормалар. Профкомдун жоболору,иш планы фотоматериалдары, инструкциялар, буйруктар, токтомдор |

**Күчтүү жактары:** Ар тараптуу өнүккөн мектептин мугалимдери жана мектепти сүйгөн техникалык кызматкерлер.
Мугалимдер окутуунун инновациалдык методдорун үйрөткөн
программалардан өтүштү:
Innovative Education Foundation

| |
|---|
| Угуучу -2 мугалим<br>Oxford University Press Development Training<br>Угуучу мугалим -1 мугалим.<br>✓ Социалдык өнөктөштүк<br>Угуучу-5 мугалим<br>✓ Мектепти жакшыртуу<br>Угуусу -5 мугалим<br>✓ Инклюзивдүү билим берүү<br>Угуучу -2 мугалим<br>✓ Кадам артынан кадам<br>Угуучу -5 мугалим<br><br>✓ Бирге окуйбуз<br>Угуучу-5 мугалим<br>✓ Азия өнүктүрүү банкынын “Секторду өнүтүрүү программасы: Билим берүү системасын бекемдөө”долбоору, темасы ”7-11-класстар үчүн билим берүүдөгү математика жана табигый илимдер тармагындагы предметтик стандарттары”.<br>Угуучу-3 мугалим.<br>✓ Ж.Баласагын атындагы Улуттук Университетинин Россиянын Билим берүү тармагы менен бирдикте уюшулган долбоор (“физика” программасы көлөмү 36 акад.саат).<br>✓ Угуучу – 1 мугалим.<br>✓ “Жалпы билим берүү мекемелеринде жогорку класстын окуучуларын кесипке даярдоо мотивациясы” тема боюнча семинар.<br>✓ Угуучу – 1 мугалим |
| **Алсыз жактары:**<br>Жаш мугалимдердин өз кесибине адаптациялоо иштери жанданса, Мыкты адис мугалимдерди туруктуу кармап туруу механизмдеринин жоктугу, айылга татыктуу жаш адистердин жетишсиздиги, мыкты адистерди тандоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.<br>Орус тилдүү класстар боюнча предметтик мугалимдер дайыма жетиштүү боло бербегендиги. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. МАТЕРИАЛДЫК -ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдаргажеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардык жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актылар залы,медициналык пункт, ашкана) ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу; | Билим берүү процессинин катышуучуларынын толук кандуу билим алуусу үчүн толук шарттар түзүлгөн:<br>1.Окуу кааналарынын саны 22<br>2.Класстан тышкаркы иштер боюнча кааналар -1<br>3. Спорт зал 1, аянты 288$м^2$<br>4.Спорт аянтчасы 1, аянты 1га, 17сотых<br>5.Компьютерлердин саны-4<br>6.Ноутбуктардын саны -2<br>7.Принтерлердин саны- 2, ксерокс- 1<br>8.Мультимедиалык проекторлордун саны-2<br>9.Интерактивдүү доска -1даана<br>10.Интернет түйүн байланышы бар бирок туруктуу иштебейт.<br>11.Ашкана окуучулар үчүн -1,<br>24 орундуу,1-4-класстын окуучулары шашке тамагын ичишет<br>12.Видео көзөмөл -2 даана орнотулган<br><br>13. Туалет сырткы -1<br>14.Компьютердик класс -1 | 25-тиркеме<br>Мектептин гост.актысы жана тех.паспорту тиркелет.<br>Жыл сайын өткөрүлгөн инвентаризация боюнча маалыматтар, фото материалдар, Ош 1 . |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун талаптарын сактоо үчүн:<br>Экологиялык-бул багытта иш пландар түзүлүп, бактар жана ар кандай гүлдөрдүн сорттору тигилген: ак кайың,терек, арчалар жана карагайлар .<br>Санитардык-эпидемиологиялык- бул багытта атайын буйруктар чыгып,санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо көзөмөлгө алынган. | 26-тиркеме Өзгөн райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн 2022-жылдын 31-мартындагы №5 сандуу катынын негизиндеги экспертизанын корутундусу.<br>30-тиркеме<br>Өзгөн райондук РЦПЗ жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Өрткө каршы күрөшүү боюнча иштер-иш чаралар түзүлүп, эвакуациялык пландар иштелип чыккан.<br>Өрт коопсуздугу боюнча щит-1 даана,<br>суу кампасы-1.<br>Окуу жайдын кааналары санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына туура келет.<br>Мектепте санитардык-гигиеналык талаптарынын аткарылышы боюнча мектептин соц.педагогунун жылдык планы түзүлгөн. | ГСЭНдин 2022-жылдын 4-апрелиндеги №09-15 сандуу Актысы.<br>31-тиркеме<br><br>Гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук,<br>Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери |
| 3.3. | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу. | Бул багытта мектептин Стратегиялык планы иштелип чыккан.<br>Материалдык -техникалык базаны чындоодо ата-энелердин, демоорчулордун ролу чон.<br>(Акыркы 3 жылда мектепке керектүү жабдуулар балдар учун ойноо аянтчасы, спорт зал ремонт иштери жургузулду, мектептин ремонт иштерине ата-энелер тарабынан 84600сом, демоорчулордон 186000с, Дон-Булак а/о бюджетинен 735000с 2 класстын 100м$^2$ полу жана мектептин терезелери жанылanды, мектептин жылытуу системасы 595000с жанылanды, компьютер 4, принтер 1, видео козомол 2, проекторлор менен толукталды. Жалпы сумма 2.5 миллион сом). Бул иштердин бардыгы ата-энелердин жана демөөрчүлөр аркылуу жүргүзүлөт, көзөмөлдөнөт. | 32-тиркеме<br>Аткарылган жумуштар боюнча жыйынтык отчеттор.<br>Дөң-Булак айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлгөн фото,материалдык колдоолордун отчеттору |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Күчтүү жактары:**<br><br>Материалдык-техникалык база боюнча окуу-тарбия процессин эффективдүү уюштуруу боюнча жетишерлик шарттар түзүлгөн: Эки окуу классына акыркы үлгүдөгү “Смарт телевизорлор”, 2 даана проектор коюлган. Мектептин залына жана аянттарына видеокөзөмөл орнотулган. Ата -энелер мектептин турмушунда негизги ролдордун бирин ээлешет.Себеби, алар мектептин билим сапатынын жогорулашына, материалдык-техникалык базанын чыңдалышына, коомдук иш чараларга активдүү катышуусу менен көмөк көрсөтүшөт .<br>Проектилер менен иштөө-мугалимдер жана окуучулар тышкы ар кандай конкурстарга активдүү катышуу менен долбоорлорду жазып утуп келишет.2021-2022-окуу жылында жалпы тартылган каражаттардын суммасы -1 599000 сом | | | |
| **Алсыз жактары:**. Кадрларды туруктуу кармап туруу механизмдеринин жоктугу, айылга татыктуу жаш кадрлардын жетишсиздиги, тандоо мүмкүнчүлүгү жоктугу. Окуу корпустарынын эскилиги . Лабораториялык кааналар жок,лабораториялык иштерди өткөрүү үчүн кабинеттер жетишсиз.Спорт зал толук бүткөрүлгөн эмес,жылытуу системасы киргизилбеген,спортко керектүү шаймандар толук эмес | | | |
| **4 . ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | **Мектептин Финансылык пландоо системасы:**<br>- мектеп кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмү.<br>- мектепке түшкөн демөөрчүлөрдөн жана башка булактардын түшкөн каражаттын өлчому.<br>-иш чараларга кеткен чыгымдар.<br>- Бөлүнгөн акча каражаттарын жана кеткен чыгымдарды башкаруу.<br>Финансылоо жыйынтык.<br>Финансылоо системасы **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы “Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”** №511 Токтомуна ылайык;<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 30-сентябрындагы “Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндөгү” | 33-тиркеме<br>Штаттык расписание тиркелет<br>34-тиркеме<br>Мугалимдердин тарификациясы тиркелет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **№336 Токтомуна** ылайык жүргүзүлөт.<br>Жыл башында Педагогикалык кызматкерлердин айлык акысын эсептөө үчүн тарификация түзүлөт. Тарификация жана педагогикалык стажды эсептөө үчүн атайын комиссия түзүлөт.<br>Мектепте алгач штаттык жадыбал түзүлөт. Штаттык жадыбал мектеп директору аркылуу бекитилип,райондук билим берүү бөлүмү аркылуу макулдашылат. Штаттык жадыбалды түзүүдө райондук билим берүү бөлүмүнүн борбордоштурулган бухгалтериясы менен биргеликте иш жүргүзүлөт. | |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчёттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Мекемеге кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча төмөнкүдөй маалыматтар бар:<br>2015-2016-окуу жылында 50 миң. сом<br>Айыл өкмөтүнүн бюджетинен<br>2021-2022-окуу жылында мектептин терезелерин жана 100м2 полун жаңылого735 миң сом,<br>Жылытуу системасын жаңылоого 595 миң сом, демөөрчүлөрдүн эсебинен 185миң сом акча каражаттары тартылды<br>Тартылган финансы ресуртарына аткарылган иштер боюнча мектеп директорунун тастыктоосу менен тиркеме тиркелет. | 34-тиркеме<br>5 жылдык кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча көрсөткүч тиркелет. |
| 4.3. | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу. | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизмдери бар.<br>1.Мектептин киреше булактары аныкталат.<br>-Мамлекет тарабынан берилген материалдык жардамдар,<br>-Жергиликтүү бийлик тарабынан келген кирешелер.<br>-Мектептин киреше булактарына 10,20 жылдык бүтүрүүчүлөр тарабынан корсотүлгон жардамдар. | 35-тиркеме<br>Болжолдуу түрдө киреше булактары жана чыгашалары пландалган таблица тиркелет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Демөөрчүлөр тарабынан берилген акча каражаттары жана материалдары<br>2.Мектептин чыгашалары эсептелип чыгарылат.<br>-Коммуналдык чыгымдар;<br>-Концелярдык товарга кеткен чыгымдар;<br>-Электр энергияга кеткен чыгымдар;<br>-Оңдоп түзөө иштерине кеткен чыгымдар;<br>-Транспорттук чыгымдар;<br>-Кызмат сапарына кеткен чыгымдар;<br>-Утурумдук ремонтко кеткен чыгымдар. | |
| **Күчтүү жактары:**Финансы боюнча маселелердин ачык айкын болушу. Камкорчулук кеңештин болушу, кызыкдар ата-энелер, бюджетти пландоо системасынын болушу,социалдык өнөктөштөрдүн бардыгы. | | | |
| **Алсыз жактары**: Демөөрчүлөрдүн азайып бараткандыгы**.** Жаңы типтеги окуу корпустарын, ашканаларын куруугa финансылык колдоолордун жоктугу. | | | |

**3.Корутунду:**

Жумушчу топ мектептин ишмердүүлүгүн баалоодо: билим берүү программаларынын мамлекеттик стандартка дал келишин, билим берүүнүн сапатынын көзөмөлдөнүшүн, материалдык базаны, окуу процессинин педагогикалык кадрлар менен камсыздалышын, структуралык бөлүктөрдүн ишин, тарбиялык иштердин жүрүшүн карап чыкты. Анализ жүргүзүү учурунда: мектептин иш кагаздарын текшерүү, окуп үйрөнүү, тесттерди алуу, мугалимдерден, окуучулардан, ата-энелерден анкета алуу, контролдук иштерди өткөрүү менен маалыматтарды салыштыруу иштери жүргүзүлдү

Жүргүзулгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине (ыйгарым укуктуу органга) инстиционалдык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

**Сунуштар**

Окуу процессин жана окутуунун сапатын ошондой эле мамлекеттик стандартты так, толук аткаруу жана мындан ары окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында жогоруда жазылган көрсөткүчтөрдүн негизинде аккредитация боюнча Өзүн өзү баалоо боюнча түзүлгөн комиссия төмөнкүлөрдү сунуштайт:

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү мыйзамы” жана башка билим берүүнүн нормативдик-актыларынын негизинде окуутарбия процессин ишке ашыруу максатында талаптардын так аткарылышы боюнча иштер улантылсын.
2. Мектептин усулдук ишмердүүлүгүндө жаңылыктарды киргизүү улантылсын;
3. Усулдук бирикменин өз тажрыйбаларын башкалар менен бөлүшүүсү үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн;
4. Алдыңкы тажрыйбаларды, чыгармачыл изденүүлөрдүн сырлары жайылтылсын;
5. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз улантылсын;
6. Заманбап компьютердик техника жана окутуунун технологиялык каражаттары учурдун талабына жооп берген кабинеттерди уюштуруу өнүгүү планына киргизилсин;
7. Китепкананын фондун окуу планынын бардык тармактары боюнча мамлекеттик стандартка дал келүүчү окуу китептери жана ар кыл маалыматтык-маалымдама (справочный) адабияты менен жаңылоо күчөтүлсүн;
8. Жетишкендиктерди баалоонун инновациялык түрлөрүн колдонуу ишке ашырылсын;
9. ЖОЖдор менен кызматташуу улантылсын жана күчөтүлсүн.
10. Алынган жыйынтыктардын жана сунуштардын негизинде мектептин өнүгүү программасы пландаштырылсын;
11. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу менен окутуу-тарбиялоо иштерин өркүндөтүү улантылсын;
12. Окуучуларды олимпиадага, ошондой эле мугалимдерди ар түрдүү конкурстарга жана долбоордук иштерге даярдоо үзгүлтүксүз улантылсын.
13. Мугалим- окуучу-ата-эне кызматташтыгы үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.

14.Башка мекеме, уюмдар менен иштөө жакшы деңгээлде жүргүзүлсүн жана тышкы баалоонун сапаты жакшыртуунун үстүндө иштөө алып барылсын.

Комиссиянын төрагасы: М.Парпиев

Комиссиянын мүчөлөрү:
Маманова Б. - ОББ
Орозова А. - ТИУ
Ураимова Р. - соц.педагог
Султанова Б. – проф.ком
Жакшыбаева Ч. - табигый илимдер секциясынын жетекчиси
Рыскулова З. – так илимдер секциясынын жетекчиси

Абдыкадыров А. - тил илимдер секциясынын жетекчиси

Касиева А.- башталгыч класс секциясынын жетекчиси

Дүйшөбаев А.- ата –энелер комитетинин төрагасы.